ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин
Окумуштуулар Кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№8 ПРОТОКОЛУ**

*30-май, 2019-жыл.*

*Төрага:* У.А. Сопуев
*Окумуштуу катчы:* Н.А. Абдирайимова
*Катышкандар*: Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү – 33 мүчөсүнөн 28 мүчөсү бар. Кворум бар (каттоо барагы тиркелет).

*Күн тартиби:*
1. Факультеттеги тарбиялык иштердин абалы жана алдыдагы милдеттери (*Баяндамачы: МИТ факультетинин деканынын тарбиялык иштери боюнча декандын орун басары, улук окутуучу К.К. Шакиров*);
2. Факультеттеги окуу-таанышуу, компьютердик, адаптациялык, педагогикалык, өндүрүштүк, квалификациялык практикалардын абалы жана алдыдагы милдеттери (*Баяндамачы: МИТ факультетинин деканынын практика иштери боюнча орун басары, п.и.к., доцент Айтбай кызы Айгүл*);
3. МИТФнин эл аралык байланыштары боюнча иштеринин абалы жана алдыдагы милдеттери (*Баяндамачы: МИТ факультетинин эл аралык байланыштары боюнча декандын орун басары, окутуучу Г.А.Шамшиева*);
4. Ар түрдүү маселелер;
5. Конкурстук шайлоолор.

**1-маселе**

**Угулду**: МИТ факультетинин деканы У.А. Сопуев күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды.
Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-2-3-маселелерге 7-10 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдооого алынды.

МИТ факультетинин деканынын тарбиялык иштери боюнча декандын орун басары, улук окутуучу К.К. Шакиров отчету угулду (отчет тиркелет).

**Сөзгө чыкты:**
*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* Отчет канаатандырарлык деп табылсын. Биздин бардык окутуучуларыбызда куратордук группалары бар. Куратордук сааттар канчалык деңгээлде өтүлүп жатат?
*Жооп*: Кураторлук сааттар жумасына бир жолу расписаниеге коюлуп жатат. Текшерилип жатат.
*Сопуев А. (Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор)*: Жалпысынан жасаган баяндамасы канааттандырарлык деп эсептейм. Дистанттык окуу бөлүмүндөгү группалар үчүн кураторлор дайындалган болчу. Ошонун жыйынтыгы кандай болуп жатат?
*Жооп*: Дистанттык окуу бөлүмүндөгү группалар үчүн кураторлор дайындалгандан бери активдешип, бир топ иштер алдыга жылдырып жатат.

*А.Ч.Омаралиев (ИТАС кафедрасынын доценти)*: Отчетту канааттандырарлык деп баалайм. Студенттерден топтолгон студенттик фонду кандай иштерге жумшап атасынар? Закондуу түрдө жасоо керек.

Жогоруда берилген маалыматтардын, тыянактардын, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ кылат**:

1. Декандын тарбия иштери боюнча орун басары К. Шакировдун 2018-2019-окуу жылы ичинде берилген тарбия иштери боюнча берген отчету канаттандырарлык деп табылсын;
2. Факультетинин профессордук-окутуучулук курамынын окутуу процессинде студенттердин жүрүм-турумун, адеп-ахлагын, кийинүү маданиятын калыптандыруу жагына көңүл буруу талап кылынсын;
3. 2019-2020-окуу жылындагы кураторлордун тарбиялык иш-чараларында студенттердин социалдык инсандык жана жалпы мадиний компетенцияларын калыптандыруу жагы планда чагылдырылсын;
4. Студенттер тарабынан сунушталган иш чаралар, демилгелер колдоого алынсын жана ал иш-чаларды өркүндөтүү жагы кураторлорго жана факультеттин декандын тарбиялык иштери боюнча орун басары К. Шакировго жүктөлсүн.

**2-маселе**

**Угулду**:МИТ факультетинин деканынын практика иштери боюнча орун басары, п.и.к., доцент Айтбай кызы Айгүлдүн отчету угулду (отчет тиркелет).

**Сөзгө чыкты:**

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* Отчет канаатандырарлык деп табылсын. Практика боюнча канча ишкана менен келишим бар?

*Жооп*: Жалпы 349 ишкана-мекемелер менен келишим түзулгөн.

*Сопуев А. (Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор)*: Практиканы өтпөй калган студенттер барбы?

*Жооп*: Андай студенттер жокко эсе.

*А.Ч.Омаралиев (ИТАС кафедрасынын доценти)*: Стейкхолдерлер менен жолугушуулар болуп жатабы?

*Жооп*: Стейкхолдерлер менен жолугушуулар октябрь жана май айларында өткөрүлдү жана жыйынтыгында окуу планга өзгөртүүлөр кийрүү боюнча сунуш-пикирлер алынды.

Комиссия практикаларды уюштуруу, өткөрүү, жыйынтыктоо иш-чаралары, документтеринин сакталышы, сапаты жана жумушчу программасынын жана мекеме-ишканалар менен болгон байланыштын абалы боюнча таанышып, төмөндөгүдөй

**ТОКТОМ кылат:**

1. Комиссиянын практикаларды уюштуруу, өткөрүү, жыйынтыктоо иш-чаралары, документтеринин сакталышы, сапаты жана жумушчу программасынын жана мекеме-ишканалар менен болгон байланыштын абалы боюнча берген билдирүүсү эске алынсын;
2. Практикалардын жумушчу программалары 24-бюллетендин, силлабустары азыркы талаптын негизинде түзүлүп, кесиптик компетенциялардын камтылуусун жана сапатын көзөмөлдөө кафедра башчыларына жүктөлсүн;
3. Практикалар боюнча инструктаж берүүчү семинарлар, практикалардын уюштурулушу, сапаты алардын жыйынтыгы кафедранын протоколунда камтылуусу кафедранын лаборантына жүктөлсүн;
4. Иш берүүчүлөр жана бүтүрүүчүлөр менен кафедранын ортосундагы байланыш күчөтүлсүн;
5. Практика боюнча маалыматтын тайпалык журналдарда көрсөтүлүүсүн кафедра башчылары көзөмөлдөсүн;
6. Иш берүүчүлөрдү практикага жөнөтүү жана жыйынтыктоо конференцияларына катышуусу күчөтүлсүн жана алардын сунуштары эске алынсын;
7. өндүрүштүк практиканын мөөнөтүн узартуу кафедралардын окуу планында каралсын.

**3-маселе**

**Угулду**: МИТ факультетинде 2018-2019 -жыл үчүн эл аралык байланыштар бөлүмүнүн иштеринин жыйынтыктары боюнча Г.А.Шамшиеванын отчету угулду (отчет тиркелет).

Жогоруда белгиленген материалдардын, пикирлердин, баяндамада, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ кылат:**

1. МИТ факультетинде 2018-2019 -жыл үчүн эл аралык байланыштар бөлүмүнүн иштеринин жыйынтыктарынын отчету боюнча Г.А.Шамшиеванын баяндамасы жактырылсын жана отчету канааттандыраарлык деп табылсын;

2. Чет өлкөлүк өнөктөштөр менен биргелешкен билим берүү, кош диплом программаларынын санын көбөйтүү, мобилдүүлүктүн көрсөткүчүн жогорулатылсын (жооптуулар: кафедра башчылары);

3.Эразмус+, Мевлана, УШОС ж.б.у.с. академиялык мобилдүүлүк программаларынын катарын жаңы программалар менен толуктоо. (жооптуулар: кафедра башчылары);

4. Чет өлкөлүк өнөктөштөр менен биргелешкен билим берүү, кош диплом программаларынын санын көбөйтүлсун (жооптуулар: кафедра башчылары);

5. Ар бир кафедра адистиктер боюнча англис тилдүү группалар ачылсын (жооптуулар: кафедра башчылары);

6. ОшМУнун 80 жылдыгына байланыштуу факультет тарабынан эл аралык олимпиада өткөрүлсүн;

7. Окумуштуулар Кеңешинин жогорку чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөө декандын эл аралык байланыштар бөлүмүнүн орун басары Шамшиева Гүлмира Асилидиновнага жүктөлсүн.

**4-маселе**
**Конкурстук шайлоолор:**

1) МИТ факультетинин жогорку математика кафедрасынын доценти, педагогика илимдеринин кандидаты Кедейбаева Дилбар Арстаналиевнаны аталган кафедранын кафедра башчысы кызмат ордуна конкурстук шайлоодон өткөрүү.

**Конкурстук шайлоонун жыйынтыгы:**

“Макул”-23 “Каршы”-8 “Калыс”-жок “Жараксыз”-3

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ кылат**:

1. МИТ факультетинин жогорку математика кафедрасынын доценти, педагогика илимдеринин кандидаты Кедейбаева Дилбар Арстаналиевнаны аталган кафедранын кафедра башчысы кызмат ордуна шайланды деп эсептелсин;

2. МИТ факультетинин жогорку математика кафедрасынын доценти, педагогика илимдеринин кандидаты Кедейбаева Дилбар Арстаналиевнаны аталган кафедранын кафедра башчысы кызмат ордуна шайлангандыгы боюнча чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

2) МИТ факультетинин программалоо кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты Аркабаев Нуркасым Кылычбековичти аталган кафедранын доценти кызмат ордуна конкурстук шайлоодон өткөрүү.

**Конкурстук шайлоонун жыйынтыгы:**

“Макул”-31 “Каршы”-жок “Калыс”-жок “Жараксыз”-3

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ кылат**:

1. МИТ факультетинин программалоо кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты Аркабаев Нуркасым Кылычбековичти аталган кафедранын доценти кызмат ордуна шайланды деп эсептелсин;

2. МИТ факультетинин программалоо кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты Аркабаев Нуркасым Кылычбековичти аталган кафедранын доценти кызмат ордуна шайлангандыгы боюнча чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун ректорунан суралсын.

3) МИТ факультетинин программалоо кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты Токторбаев Айбек Мамадалиевичти аталган кафедранын доценти кызмат ордуна конкурстук шайлоодон өткөрүү.

**Конкурстук шайлоонун жыйынтыгы:**

“Макул”-30 “Каршы”-2 “Калыс”-жок “Жараксыз”-2

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ кылат:**

1. МИТ факультетинин программалоо кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты Токторбаев Айбек Мамадалиевичти аталган кафедранын доценти кызмат ордуна шайланды деп эсептелсин;

2. МИТ факультетинин программалоо кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты Токторбаев Айбек Мамадалиевичти аталган кафедранын доценти кызмат ордуна шайлангандыгы боюнча чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун ректорунан суралсын.

Окумуштуулар Кеңешинин

төрагасы: Сопуев А.У

ДЕКАНАТ

Окумуштуу катчы: Абдирайимова Н.А.